КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ
ТОҢ РАЙОНУ
БОЛОТ МАМБЕТОВ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ТОНСКИЙ РАЙОН
МЕСТНЫЙ КЕНЕШ
АИЛЬНОГО АЙМАКА
БОЛОТА МАМБЕТОВА

**Болот Мамбетов айыл аймагынын жергиликтүү кеңеши**

# ТОКТОМ

**2026-жылдын 27-августу №31**

**Төрт-Күл айылы**

**Токтом долбоорлорду коомдук талкуудан өткөрүү жана жарыялоо жөнүндө**

"Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө" Мыйзамынын 22-беренесине, "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Мыйзамынын 39-беренесине ылайык, Болот Мамбетов айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин мандат, законудуулук, мыйзамдуулук, мамлекеттик жана коомдук тартипти сактоо, этика жана диний иштер боюнча туруктуу комиссиясынын 2026-жылдын 25-августундагы корутундусунун негизинде Болот Мамбетов айыл аймагынын жергиликтүү кеңеши **токтом кылат:**

1. Болот Мамбетов айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин токтом долбоорлорун коомдук талкуудан өткөрүү үчүн жана кабыл алынган токтомдорду расмий жарыялоо үчүн https://bolotmambetov.gov.kg/ расмий сайтына жана айыл өкмөтүнүн имаратындагы маалымат тактага жарыялансын.

2. Болот Мамбетов айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин токтом долбоорлорун коомдук талкуудан өткөрүү иштеп чыгуучу адам (орган) тарабынан жүргүзүлсүн.

3.Бул токтомдун көчүрмөсү Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин аймактык башкармалыгына жөнөтүү жооптуу катчы Г.Садыровага милдеттендирилсин.

4. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөөнү Болот Мамбетов айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин мандат, законудуулук, мыйзамдуулук, мамлекеттик жана коомдук тартипти сактоо, этика жана диний иштер боюнча туруктуу комиссиясына калтырылсын.

***Жергиликтүү кеңештин төрагасы*** **М.Ж.Жунушалиев**